# Насаатчынын жобосу

## Насаатчылыктын максаттары жана милдеттери

Насаатчылыктын максаты – жаш адистерге кесиптик такшалуу жагынан көмөк көрсөтүү аркылуу мектептин кадрлар боюнча мүмкүнчүлүгүн бекемдөө.

**Насаатчылыктын негизги милдеттери**

- Мектеп маданиятына көнүктүрүү, мектеп жамаатынын мыкты салттарын жана ченемдерин өздөштүрүүгө көмөктөшүү.
- Жаш адистердин педагогикалык ишке дилгирлигин ойготуу жана аларды мектепте алып калуу.
- Жаш адистин кесиптик өсүшүн камсыздоо. Тапшырылган милдеттерди өз алдынча, сапаттуу жөндөмүн өнүктүрүү.

**Насаатчынын милдеттери:**

Билим берүү жаатындагы мыйзамдардын жана жаш адистин ээлеген кызматына жараша укук – милдеттерин аныктоочу ченемдик- укуктук актылардын талаптарын билүү.

- Жан адистин кесиптик ишмердигине тиешелүү муктаждыктарын аныктап билүү.
- Жыл сайын жаш адис менен биргеликте анын кесиптик өсүш планын иштеп чыгуу, белгилүү мөөнөтүнө аткарылуучу конкреттүү тапшырмаларды берүү.
- Жаш адиске сабакты пландап өткөрүүнүн практикалык ыкмаларын жана жалдорун өздөштүрүү жагынан көмөктөшүү, ишиндеги күчтүү начар жактарын аныктап талдоо жана кемчиликтерин жоюу жолдорун белгилөө.
- Жаш адистке мектеп документтерин ( календардык сабактын күнүмдүк, тарбиялык пландарды, окуучулардын өздүк иштерин, окуу журналын ж.б) тариздөөнү жана жүргүзүүнү үйрөтүү.
- Кызматка киргизүү (мугалимге коюлуучу негизги талаптар, ички эмгек тартибинин, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери менен тааныштыруу).
- Жаш адистин ишине байланышкан маселелерди талкуулоого катышуу.
- Түзүлгөн планга ылайык иш жүргүзүү, анын аткарылышы тууралуу УБ жетекчисине өз убагында билдирип туруу.

## Насааатчылыкты уюштуруу

**Насаатчылык** –педогогикалык тажрыйба менен бөлүшүүнүн бир формасы болуп саналат, анын жүрүшүндө ишмердигин жаңы башталган же колдоого муктаж педагог усулдук ыкмаларды устат педогогдун жетекчилигинин алдында иш жүзүндө өздөштүрөт.

**Насаатчылыкты уюштуруу** – бул жаш адистин кесиптик калыптанышы жана өнүгүшү үчүн тажрыйбалуу педагогдун жеке окутуусунун жана тарбия берүүсүнүн формасы.

### Насаатчылар кеңешинин функциялары.

1. Насаатчыларга коюлуучу бирдиктүү талаптарды иштеп чыгуу.
2. Насаатчылык тажрыйбасын жалпылоо жана жамааттык баа берүү.
3. Насаатчылардын кесиптик даярдыгын жогорулатууну уюштуруу.
4. Насаатчылыктын натыйжалуулугу, усулдук ишлтелмелерди жана сунуштарды даярдоо менен байланышкан көйгөйлөрдү изилдөө.

**Насаатчылар кеңешинин милдеттери**.

1. Насаатчылар резервин тандоого жана жаратууга катышуу
2. Насаатчыларга усулдук жана практикалык жардам көрсөтүү.
3. Насаатчылардын алдыңкы иш тажрыйбасын изилдөө, жалпылоо жана жайылтуу.
4. Чогулуштарда насаатчылардын жана жаш адистердин аткарган иштери жөнүндөгү отчетторду угуу.

**Насаатчылык -** ишмердигин жаны баштаган же колдоого муктаж педагог усулдук ыкмаларды устат педагогдун жетекчилигинин алдында иш жүзүндө өздөштүрүү.

**Жаш адис** – бул тийиштуу үч жылдан аз убакыт иштеген адис

"Бекитемин"

У. Калиев атындагы Чолпон жалпы

орто билим берүү мектебинин директору:

______________ Термечиков М.А.

"__02__" __сентябрь__ 2021-жыл

# Үтүр Калиев атындагы Чолпон жалпы орто билим берүү мектебинин 2021-2022-окуу жылына карата насаатчылык боюнча түзүлгөн иш план.

| № | Иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| *1* | *Окуу планы, программасы жөнүндө маалымат берүү*<br>*Өндүрүштүк план түзүү жолдорун уюштуруу* | *сентябрь* | *Насаатчы мугалим* |
| *2.* | *Класстык журналды толтурууну үйротүү* | *октябрь* | *Насаатчы мугалим, завуч* |
| *3.* | *Көрсөтмө куралдарды, дидактикалык жасап ьпайдалануу. Техникалык каражаттарды колдонуунун ыкмаларын пайдаланууну үйрөтүү* | *ноябрь* | *Насаатчы мугалим* |
| *4.* | *Мугалимдин сабактарына катышуу жана өтүлгөн сабакка өзүнө –өзу анализ берүүнү үйрөтүү.* | *Жыл ичинде* | *Насаатчы мугалим* |
| *5* | *Окутуунун усулдары жөнүндө жалпы маалымат берүү.*<br>*Алдыңкы мугалимдердин иш-тажрыйбаларын өз ишине колдонуу* | *Жыл ичинде* | *Насаатчы мугалим, усулдук жетекчи* |
| *6* | *Сабактарда ар кандай усулдарды пайдалануу* | *Декабрь* | *Насаатчы мугалим* |
| *7* | *Интерактивдүү доска, ТСОну пайдалана билүү.* | *Март* | *Насаатчы мугалим* |
| *8* | *Тарбиялык сааттарды өтүүнү үйрөтүү* | *апрель* | *Насаатчы мугалим* |

**Окуу бөлүмүнүн башчысы:____________________ Жунушбаева Д.Б.**

## Өз ара сабакка катышуу барагы.

«16» декабрь 2020 жыл даярдоо класс

1.Мугалим: Исманакунова Периза
2.Предмет: Сабат ачуу.
3. Сабактын темасы : Тиш эмне үчүн керек?
4.Жабдылышы : Сүрөттөр, видео слайд, дидактикалык материал.
5. Күтүлүүчү натыйжа

6. Сабактын жүрүшү: Класстык уюштуруу иши жүргүзүлдү.
Бири-бирине жакшылыкту сөздөрдү айттырып
Өтүлгөн теманы кайталашты.
Менин үй бүлөөм деген темада өз үй бүлөөлөрү
жөнүндө айтып беришти.
Жаңы билим берүү окуучуларга суроо берип
окуучулардын ойлорун угуп, жообунтогунда
мисалдар түшүндүрүп берди.
Сүрөт боюнча айырмачылыгы түшүнүп
иштетүү сүрөттөн беришти.
„Сен жат, сен тур" оюнду активдүү, көңүлдүү
аткарышты.
Ырды жатташты, эки саптан хор
түрүндө. Анан жатталгандар айтып
беришти.

7. Сабакты суроо жооп менен бышыктоо Суроо-жооп менен сабакты бышыктады. Ойлорун кенен түшүнүктүү бере алышты.

8. Үйгө тапшырма берүү: ырды жаттоого берди.

9.Баалоо:

10.Сунуштар: Ар бир бала менен иштөөгө жетишиши керек. Суроолорго жооп берүүдө сөзсүз көнүктүрүп түрүнүн унутпа Сабакта (жоошуу) ушундай өзгөртүү тур.
Сабак максатына жетти.
Катышкан: Бекиева К. Н.

Муг: Исманакунова Жылдыз.

Предметы: Сабат ачуу

Классы (480 саат программасын ишке ашыруу ) даярдоо класстары үчүн

Сабактын темасы: Тил эмне үчүн керек?

16.12 2020- 2021 – окуу жылы.

| Сабактын максаты: | Көрсөткүчтөр : Окуучулар максатка жетет деп билсек болот эгерде алар: |
|---|---|
| 1) Пикирлешүү деген эмне, анын кандай зарылчылыгы бар экендигин түшүнүшөт. Тилдин эмне үчүн керек экендигин айтып беришет.<br>2) Балдар пикирлешүү эмне экендигин жана кандай зарылдыгы бар экендигин билишет. Тилдин маанисин түшүнүшөт.<br>3) | 1) Пикирлешүү деген эмне, анын кандай зарылчылыгы бар экендигин түшүнүшсө. Тилдин эмне үчүн керек экендигин айтып беришсе.<br>2) Балдар пикирлешүү эмне экендигин жана кандай зарылдыгы бар экендигин билишсе. Тилдин маанисин түшүнүшсө.<br>3) Колдогу орду, маанилүүлүгү, түшүнө билүү кондоолдору калыптанса |
| Сабактын жабдылышы: (Ресурстар) Темага карат көрсөтмөлөр, таркатмалар ж.б Негизги китептер, сүрөттөр, дидактикалык материалдар, карточкалар | |
| Сабактын ыкмасы: аңгемелешүү | |

Сабактын жүрүшү:

1) Уюштуруу. Окуучуларга саламдашуу салтын түшүндүрүү мн көңүл буруп муг отургузуп жана айтылган сөзгө өз ойлорун сунушташат. Классты сабакка уюштурат.
2) Өтүлгөн теманы кайталоо
3) Жаңы тема

| Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш аракети |
|---|---|
| Мугалим жаңы теманы түшүндүрүүгө алат, дидактикалык материалдарды орундуу колдонот. Ар бир баланын кабыл алуусуна жараша ар түрдүү формада түшүндүрүүгө аракет жасайт. Сүрөт боюнча аңгеме жүргүзөт. | Мугалимдин берген суроосуна жооп беришет, түшүнбөгөн сөздөрдү сурашат, өз ойлорун айтышат, өз алдынча иштөөгө көнүшүшөт. |

| Жаңы теманы түшүндүрүү | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|
| Мугалим тема боюнча окуучулардын билген билимин текшерип алат. Балдар, силер билесиңерби, тил эмне үчүн керек экендигин? Окуучулардын оюн угат. | Пикирлешүү деген эмне анын кандай зарылчылыгы бар экендигин түшүнүшөт. Тил эмне үчүн керек экендигин айтып беришет. Оозеки жана жазуу кебин маанисин үйрөнүшөт. Балдар пикирлешүү эмне экендигин жана кандай зарылдыгы бар экендигин билишет. Тилдин маанисин түшүнүшөт. |

Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр

| | |
|---|---|
| „Сен жат, сен тур" оюнун ойношот. Оюн балдардан беш манжасы аркылуу жүргүзүлөт. Балдар беш манжасын бүт жумгандан кийин. | Баш бармакты ачып: „Сен туруп уюңа бар" Сөөмөйдү ачып: „Сен туруп коюңа бар". Ортону ачып: „Сен туруп тооңо бар" Аты жокту ачып: „Сен туруп кылкыңа бар" Чыпалакты ачып: „Сен туруп эчкиңе бар". |

Сабакты бышыктоо

| | |
|---|---|
| Мугалим окуучулардан билимдерин бышыктоо максатында карточкаларды таратат.<br>1. Эне тил – ыйык.<br>2. Эне тилим – өз тилим. | Окуучулар карточкаларга жооп беришет. Макалдарды чечмелешет. Ойлорун эркин айтканга үйрөнүшөт. |

*Үйгө тапшырма берүү (1мин)*

Ыр жаттап келүү

*Баалоо (3 мин)*

*Текшерилди ОТИ боюнча завуч*

*Мугалимдин өздүк анализи.*

Даярдоо класс, Иманакунова А.

| №. | Сабактын мазмуну жана түзүлүшү | Комментарийлер |
|---|---|---|
| 1 | Сабакты этаптарга бөлгүлө, сабактын элементтерине баа бергиле, алар үзгүлтүксүз жана толук болдубу? Берилген сабактын планы аткарылдыбы? Канчалык деңгээлде? Канчалык сапатта аткарылды? Сабактын планынан четтөө болдубу? Окуучулар берилген материалды өздөштүрдүбү? | Үзгүлтүксүз жа толук болду. Сабактын планы аткарылып, жакшы деңгээлде жа жакшы сапатта аткарылды. Сабактын планын четтөө болгон жок жа окуучулар материалды өздөштүрдү. |
| 2. | Башталгыч класстардын окуучулардын алдына кандай маселелер коюлду, алар окуучулардын көңүлүн тарта алдыбы? Сабакта мугалимдин, окуучулардын иш аракети кандай уюштурулган? | Окуучуларга сабака көңүл буруусуна жа туз отуруусу коюлган. Окуучуларга саламдашуу салтын уюштурат. |
| 3 | Сабактын элементтеринин кайсынысы ийгиликтүү болду? Окуучуларды сабактын жүрүшүндө мугалим кызыктыра алдыбы? Кантип,эмне менен кызыктырды? Сабактагы колдонулган материалдын жаңычылдыгы, сабакты түшүндүрүүдө башкача ыкма колдонулдубу?Сабакта кандай ачылыштар орун алды? | Окуучуларга жагымдуу маанай түзүп. Карточкалар менен кызыктырдык. жана сүрөт боюнча аңгемелешет. |

| | | |
|---|---|---|
| 4 | Ким интенсивдүү (бат) иштеди, мугалимби же окуучубу? Сабак учурунда жигердүү катышкан окуучулар болдубу? Демилге көтөргөн окуучулар болдубу? Сабактын мазмун жана усулдук иштерин жакшыртууда кандай өзгөртүүлөрдү киргизет элеңиз? | Сабак учурунда жигердүү катышкан окуучулар болду жана мугалим мн окуучу интенсивдүү иштедик. |
| 5 | Сабак учурундагы окуучулар үчүн түзүлгөн шартка баа бериңиз. Жаңы материалды өздөштүрүү окуучуларга кыйын блдубу? Сабакта окуучулар кандай алып отурушту? | Окуучулар коюлган шартка так атарышты. Сабакта окуучулар өзүн туз отуруусуна жана ойлорун айтышты. |
| 6 | Сабактагы абал жалпысынана кандай болду? Эмнелер аткарылбай калды? Эмнелерди оңдоп түзөө зарыл, кантип аткаруу керек? | Сабак жакшы болду. Макалдарды аткара албай калдык. |

У.Калиев атындагы Чолпон жалпы орто билим берү□ мектебинин № 67 буйругунан көчүрмө

25-август 2020-жыл Чолпон айылы

Жаш адистердин кесиптик жактан өрчүшүнө көмөк көрсөтүү,ошондой эле окуу тарбия жана усулдук иштерине байланышкан милдеттерди жогорку деңгээлде аткарууга жөндөмдүү чебер мугалимдерди даярдоо максатында

БУЙРУК КЫЛАМ:

**Жаш адиске насаатчылыкка**

Башталгыч класстын мугалими Иманакунова Перизага башталгыч класстын мугалим Беккул кызы Нуржан дайындалсын.

Насаатчылык иштерине көзөмөл жүргүзүү усулдук бирикме жетекчисине жана окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Жунушбаева Дарикага жүктөлсүн.

Мектеп директору: Термечиков М.А